КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ПРЕЗИДЕНТИНИН
ОШ ОБЛУСУНДАГЫ
ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ӨКҮЛҮ

ПОЛНОМОЧНЫЙ ПРЕДСТАВИТЕЛЬ
ПРЕЗИДЕНТА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
В ОШСКОЙ ОБЛАСТИ

БУЙРУК
РАСПОРЯЖЕНИЕ

_____№_____

Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын «Ишеним телефону» жөнүндөгү Жобону бекитүү тууралуу

Жарандардын кайрылууларына ыкчам жооп берүү, Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратында, райондук мамлекеттик администрацияларда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында коррупциялык жана башка укук бузуулардын алдын алууга багытталган чараларга жардам берүү жана чыңдоо максатында **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын «Ишеним телефону» жөнүндөгү Жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. «Ишеним телефонуна» жооптуу катары Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын аткарууну контролдоо, документтик жана юридикалык камсыздоо бөлүмүнүн жарандардын кайрылуулары менен иштөө боюнча башкы адиси бекитилсин.
3. Жергиликтүү райондук мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары «Ишеним телефондору» колдонууга киргизүү менен тийиштүү Жобосун иштеп чыгып бекитишсин.
4. Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын «Ишеним телефону» жөнүндөгү Жобону бекитүү тууралуу Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2024-жылдын 18-февралындагы №52-30 буйругу жокко чыгарылсын.
5. Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын жетекчисине жүктөлсүн.

Ыйгарым укуктуу өкүл **Э.Н. Джантаев**

Кол койгондор:

Р.А.Кубаталиев

А.А.Эгемжарова

А.Б.Айтматов

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 52-235, 23.09.2025 Кол койгон: Джантаев Э.Н.

Тиркеме
Кыргыз Республикасынын
Президентинин Ош облусундагы
ыйгарым укуктуу өкүлүнүн
2025-жылдын
_____ сентябрындагы
№_____ буйругуна

Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын “Ишеним телефону” жөнүндөгү ЖОБО

I. Жалпы жоболор

1. Ушул Жобо Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын «Ишеним телефонуна» (мындан ары «Ишеним телефону») кайрылган жарандардын кайрылууларын кабыл алуу, каттоо, кайрылууну кароо тартибин аныктайт жана жарандардын укуктарын, мыйзамдуу кызыкчылыктарын натыйжалуу коргоо, кайрылууларга ыкчам чара көрүү максатын көздөйт.

2. (03222) 5 51 09 абоненттик номурундагы «Ишеним телефону» Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынынын расмий сайтына жайгаштырылат.

3. «Ишеним телефону» иш күндөрү саат 8:30 дан -17:30 га чейин иштейт, түшкү тыныгуу 12:00 дөн - 13:00 гө чейин (кышкы мезгилде 9:00 дөн -18:00 гө чейин иштейт, түшкү тыныгуу 12:30 – 13:30).

II. «Ишеним телефонунун» иш милдеттери

1. «Ишеним телефонуна» төмөндөгү милдеттер жүктөлөт:

- жарандардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо, кайрылууларындагы маселелеринин чечилишине ыкчам чара көрүү;

- Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратында, райондук мамлекеттик администрацияларда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында коррупциялык жана башка укук бузууларды алдын алууга багытталган чараларга жардам берүү жана чыңдоо;

- Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратында, райондук мамлекеттик администрацияларда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында мүмкүн болуучу коррупциялык көрүнүштөр жана башка укук бузуулар фактыларын аныктоо.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

III. «Ишеним телефонунун» ишин уюштуру

1. «Ишеним телефону» аркылуу жарандардын кайрылууларын кабыл алуу Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аткарууну контролдоо, документтик жана юридикалык камсыздоо бөлүмүнүн жарандардын кайрылуулары менен иштөө боюнча башкы адиси тарабынан ишке ашырылат.

2. Кызматкерлер жарандардын кайрылууларын кабыл алуу, аларды тексттик формага келтирүү, журналга жана электрондук документ жүгүртүү тутумуна каттоо, Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн кароосуна киргизүү боюнча иштерди алып барышат.

3. «Ишеним телефону» аркылуу жарандардын ар түрдүү мазмундагы кайрылуулары жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын жооптуу кызмат адамдарынын жана кызматкерлеринин, райондук мамлекеттик администрациялардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилеринин жана кызматкерлеринин үстүнөн коррупциялык аракеттери, алар тарабынан кызматтык милдеттеринин өз учурунан кечиктирип жана сапатсыз аткаргандыктары боюнча жарандардын даттануулары кабыл алынат.

4. «Ишеним телефонуна» кайрылган жарандын кайрылуусун кабыл алуу Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын аткарууну контролдоо, документтик жана юридикалык камсыздоо бөлүмүнүн кызматкери (оператору) менен жарандын диалогу түрүндө болот жана кызматкер (оператор) кайрылган жаранга өзүнүн аты-жөнүн, кызматын тааныштырат.

Диалог учурунда кызматкер (оператор) кайрылган жарандын аты-жөнүн (мекеме-ишканалардын - уюштуру-укуктук формасын, аталышын) үй/почта даректерин, телефон номурун, кайрылуунун мазмунун тактайт.

5. Жарандын кайрылуусунда көтөргөн маселеси Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын ыйгарым укуктарына кирбеген учурда кызматкер (оператор) жаранга кайсыл мекемеге, кандай тартипте кайрылуусу керектигин түшүндүрүүгө милдеттүү.

6. «Ишеним телефонуна» кайрылган жарандардын кайрылууларын каттоо журналы «Ишеним телефону» турган бөлмөдө жайгашат. Журналдын беттери номурланат жана төмөндөгүдөй графалары болот:

- катар номуру;
- кайрылуунун келип түшкөн убактысы жана датасы;
- арыз ээсинин аты-жөнү, үй/почта даректери, телефон номуру;
- кайрылуунун кыскача мазмуну;
- кайрылууну кароонун жыйынтыгы боюнча белги.

7. «Ишеним телефонуна» кайрылган жарандардын кайрылуулары, ушул жобонун 8-пунктунда көрсөтүлгөндөрдү кошпогондо, «Жарандардын

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

кайрылууларын кароонун тартиби жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык каралат.

8. Төмөндөгү учурларда токтоосуз чара көрүү жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнө тезинен билдирүү талап кылынат:

- ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппаратынын, райондук мамлекеттик администрациялардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын обьектилеринде терракт жасоо, уурдоо, өрттөө, архивди жок кылуу жана башка ыкмалар менен материалдык чыгым кылуу коркунучтары жаралган учурларда;

- Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын, райондук мамлекеттик администрациялардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлеринин кызматтык милдеттерин аткаруу учурунда ден соолугуна жана өмүрүнө коркунуч жаралган учурларда;

- Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын, райондук мамлекеттик администрациялардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлери тарабынан атайылап же байкабастан кылмыш же жорук жасалган учурда.

9. Укукка каршы аракеттер даярдалып жаткандыгы, жасалгандыгы же жасалып жаткандыгы жөнүндө билдирүүлөр болгон учурда токтоосуз укук коргоо органдарына жөнөтүлүүгө жатат.

Аппарат жетекчисинин м.а. **Р.А.Кубаталиев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН